Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасында өткөрүлгөн кеңешменин

**ПРОТОКОЛУ**

11– май, 2023 – жыл.

Төрөга: Азимов Б

Катчы: Абдывоситова А

**Катышкандар:** кафедранын бардык мүчөлөрү

*Күн тартиби:*

*3). Ар түрдүү маселелер*

**"510200 – Колдонмо математика жана информатика" PhD билим берүү программасын жайкы кабыл алуусу үчүн окуу пландын түзүү**

*Угулду:*

Б. Азимов (КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент).

Урматтуу кесиптештер,

Биздин кафедранын PhD докторантура деңгээлине кышкы кабыл алуу боюнча жүргүзгөн иштерибиз жакшы жыйынтыктарга алып келди. Мындан ары да окуу процессин жакшыраак уюштуруу максатында, 2023-жылы кабыл алынган "Колдонмо математика жана информатика" программасынын окуу планы боюнча келечектеги жумуштарды тактап чыгалы. Жаңы окуу жылында жайкы кабыл алуу үчүн пландын мазмуну окуу планынын негизги мазмуну жана структурасы өткөн кышкы кабыл алууда кабыл алынгандай сакталат. Ал эми жайкы кабыл алууга өтүү үчүн окуу процессинин графигине гана өзгөртүү киргизүү туура деп эсептеймин. Мындай өзгөртүүлөр календардык графикти камтыйт, бирок окуу программасынын кредити, предметтеринин тизмеси жана жүктөмү ошол бойдон калат. Бул жерде иш берүүчүлөрдүн сунуштары да эске алынат, бирок, учурдагы окуу планы боюнча иштөөнү улантуу талаптарыбызды аткарат деп ойлойм. Жаңы кабыл алуу үчүн түзүлгөн окуу планын өзгөртүүсүз калтырып, ошол эле мазмунда кийинки семестрлерде окуу процессин улантууну сунуштайм. Мында, сунушталган сабактардын саны, мазмуну жана предметтердин аталышы кышкы кабыл алууга караганда айырмаланбайт. Мисалы, лекциялардын саны, практикалык сабактар, изилдөө иштери — булардын бардыгы кышкы семестр менен шайкеш келет. Биз иш берүүчүлөр менен акыркы жолу тегерек стол өткөргөн эмес экенбиз. Бирок иш берүүчүлөрдүн сунуштары, алар сунуш кылган айрым оңдоо иштери кышкы кабыл алуу үчүн түзүлгөн окуу планын толук канааттандырганын көрдүк. Мына ошол себептүү иш берүүчүлөргө маалыматты жеткирип коюу менен окуу планынын графигин өзгөртүүнү сунуштаймын. Сунуштар болсо айтыныздар.

Сунушту кафедра мүчөлөрү бир добуштан колдошту. Бир гана сунуштары окуу

планынын мазмуну эмес графиги гана иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарына каршы келбей турган болуп өзгөргөнүн маалымдап коюну сунушташты.

**ЧЕЧИМ:**

1) 510200 “Колдонмо математика жана информатика” PhD билим берүү багытына кышкы кабыл алуу үчүн түзүлгөн окуу планы жайкы кабыл алуу үчүн окуу планынын мазмунун эмес окуу процессинин графигин өзгөртүү менен кабыл алынсын.

Төрага: Б. Азимов

Катчысы: Абдивоситова А